УДК: 37

*Сагимбекова Д. С., ага окутуучу*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ, Кыргызстан*

# АДЕП-АХЛАКТЫК ТАРБИЯ ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЛИМДИН ОБЪЕКТИСИ КАТАРЫ

*Макалада инсандын адеп-ахлактык негиздерин тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү талдоого алынган. Мында билим берүү системасынын маанилүү багыттарынын бири катары адеп-ахлактык тарбиялоо маселелери каралып, инсандын адептүүлүгүн калыптандыруу процессинде стратегиялык жана тактикалык милдеттерге өзгөчө орун берилген.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *адеп-ахлак, тарбиялоо, системалык мамиле, баалуулук, принциптер.*

*Сагимбекова Д. С., ст. преподаватель*
*ИГУ им. К. Тыныстанова, Кыргызстан*

# НРАВСТВЕННОЕ ВОСПИТАНИЕ КАК ОЪЕКТ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ НАУКИ

*В статье рассматриваются особенности воспитания нравственной основы личности. Автор рассматривает проблему нравственного воспитания как одно из важнейших направлений целостной воспитательной системы. Особое место отводится стратегическим задачам в процессе формирования личности.*

***Ключевые слова:*** *нравственность, воспитание, системный подход, ценности, принципы.*

*Sagymbekova D. S., senior teacher,*
*Issyk kul state university, Kyrgyzstan*

# MORAL EDUCATION IS THE OBJECT OF PEDAGOGICAL SCIENCE

*The paper under study is devoted to the educational peculiariarities of the person's moral background. The authors examine the problem of moral education as one of the basic concept of integral education system. Strategic and tactic tasks in the process of person's morality formation are of great importance in the paper. The authors pay attention to the discussion of the moral education*

***Key words:*** *education, ethics, systematic approach, value-based, strategic and tactical objectives, principles.*

Азыркы коомдун абалы аны аныктаган идеялардын, баалуулуктардын жана маанилердин сапатына көз каранды. Бир катар илимпоздордун пикири боюнча, баалуулуктардын жеке системасы адамдын дээрлик бардык жашоосун аныктоочу фактор болуп саналат. В. А. Сластениндин ою боюнча, инсандын, топтун, коомдун жана бүткүл адамзаттын аң-сезими жеке баалуулуктар системасынын негизинде калыптандырылат. В. И. Цебрикова инсандык баалуулукту «адам, класс, бүтүндөй коом үчүн ыйык нерсе, жүрүм-турумда чагылдырылган ишенимдери жана артыкчылыктары жөнүндөгү идея» катары эсептейт. Баалуулуктарга шек келтирилбейт, алар бардык адамдар үчүн идеал катары кызмат кылышат.

Ушул көз караштан алганда, адеп-ахлакты инсандын баалуулук компоненти катары карап, анын негизинде башка жеке сапаттардын калыптануусу аныкталат. Адеп-ахлак тарбиясы коомдогу адамдардын бири-бирине болгон жүрүм-турумунун жалпы принциптеринин жана нормаларынын жыйындысы катары белгиленет

Адеп-ахлак тарбиясы – адамдын коомдогу моралдык аң-сезимин жашоодогу максатка жараша калыптандыруу, ызааттуу жүрүм-турум көнүмүштөрүн пайда кылуу,

ошондой эле өз элинин үрп-адаттарынын прогрессивдүү үлгүлөрүн сактоого, байытууга, башка улуттардын салттарын урматтоого тарбиялоо.

Бул макалада инсандын адеп-ахлактык негиздерин тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү талкууланат. Макалада билим берүү системасынын маанилүү багыттарынын бири катары адеп-ахлактык тарбиялоо маселелери каралган, инсандын адептүүлүгүн калыптандыруу процессинде стратегиялык жана тактикалык милдеттерге өзгөчө орун берилген.

Бүгүнкү күндө дүйнөдө кризис өкүм сүрүп турат. Дээрлик бардык окумуштуулар, маданият кызматкерлери, саясатчылар артыкчылыктарды инсанды, коомду гуммандаштыруу, гармонизациялоого багытташат. Бул процесс адеп-ахлактык баалуулуктарга кайтуу аркылуу гана өтүшү мүмкүн, анткени адамдын негизги сапаттык көрсөткүчү анын моралдык сапаттарынын калыптануу деңгээлинин негизинде болору аныкталган.

Жеке баалуулуктун негизи катары адептүүлүк коомдун бардык этаптарында кабыл алынып түшүнүлгөн, адеп-ахлактык тарбия инсандын өнүгүүсүндө биринчи орунда турган жана билим берүү процессинин негизи болуп эсептелип келген.

Коомдук турмуштун жолдорунда, коомдун саясий түзүлүшүндө, анын экономикалык өнүгүшүндө, бийиктегенде же ылдыйлаганда адеп-ахлактык тарбиялоо үй-бүлөдө жана мамлекетте, ошондой эле тарбиялоо-окутуу процессинде бирдиктүү артыкчылыкта болгон. Адеп-ахлактык тарбиялоо процессин алып таштоо – системанын бүтүндүгүн бузуп, аны жөндөмсүз кылуу. Жаш муундардын моралдык жана руханий боштугунан адеп-ахлаксыз, маданиятсыз, жалган патриот инсандар жаралышы мүмкүн.

Адам бүгүн руханий жетекчиликтин жоктугунан улам кризисти баштан кечирүүдө. Жаратуучунун жана жаратуунун коду өзгөрүп, анын орду керектөөчүнүн психологиясына, руханий жана моралдуулугу жок примитивдүү психологияга алмаштырылган. Калктын руханий, адеп-ахлактык, маданий, улуттук баалуулуктарынын төмөндөшүнөн улам, «кош моралдуулук», моралдык дүлөйлүк, жүрүм-турумдун «адамкерчиликсиздиги» мүнөздүү болууда.

Ошону менен бирге тарыхый өнүгүүнүн бардык этаптарында коомдун прогресси педагогикалык ойдун өнүгүшүнө өбөлгө түзүп, адеп-ахлактык тарбиянын теориясын иштеп чыгуу маселесине илимий мамилени талап кылып келди. Ар бир тарыхый мезгил тарбиялоо процессинин мазмунуна өзүнүн изин калтырары талашсыз.

Идеалист-философ Сократ (б. з. ч 469-399-жж.) универсалдуу жана өзгөрбөс моралдык түшүнүктөр бар деп эсептеген. Тарбиянын максаты, анын пикири боюнча, табиятты изилдөө эмес, өзүн таануу, адеп-ахлактык өркүндөтүү болушу керек экенин белгилеп кеткен.

Адеп-ахлактык тарбия тармагында өзүнүн философиясында эрктүү, активдүү принципти алдыга койгон Аристотель адеп-ахлактык адаттарга жана адеп-ахлактык көнүгүүлөргө чоң маани берген.

И. Гербарт адеп-ахлактык тарбия биринчи орунда туруш керек деп эсептеген жана тарбиянын бирдиктүү милдети «адептүүлүк» деген бир эле сөз менен толук чагылдырылышы керектигин айткан.

Я. А. Коменский «Адеп-ахлакка насаат» деген трактатында эл оозунда айтылган сөздү келтирген: «Илимде ийгиликке жетип, бирок жакшы ахлактан артта калган адам ийгиликке караганда артта калат».

Адеп-ахлактык тарбия маселеси орус агартуучулары А. Н. Радищевдин, В. Г. Белинскийдин, В. А. Герцендин изилдөө предмети болгон. Адеп-ахлактык тарбия

инсандын калыптануусуна чоң таасир тийгизерин жазышкан.

Л. Н. Толстой адептик тарбияны жогору баалаган. Ал адам билген бардык илимдердин ичинен эң негизгиси «мүмкүн болушунча азыраак жамандык кылып, мүмкүн болушунча көбүрөөк жакшылык кылуу илими» деп эсептеген.

Педагогикалык реалдуу, системалуу концепцияны калыптандыруу, теорияны түзүү үчүн педагогика илими өнүгүүсүндө узак мезгилди башынан кечирди. В. А. Сухомлинский туура уюштурулган окуу процессинин өзгөчө ролун баса белгилеп, ага «руханий жактан бай, гармониялуу жана бактылуу инсанды калыптандырууда алдынкы орунду» берген. Адеп-ахлак процессин табияты боюнча белгилүү бир маданий-тарыхый чөйрөдө ишке ашырылуучу үзгүлтүксүз процесс деп аныктаган.

Биздин доордо адеп-ахлактык тарбия – инсандын руханий адептик чөйрөсүнө уюшкан, максаттуу таасир этүү процесси, ал анын ички дүйнөсүн түзүүчү система болуп саналат.

Адеп-ахлактык тарбиялоо адептик сезимдерин, адеп-ахлактык образын, моралдык көз карашын жана жүрүм-туруму калыптандыруусун көмөктөйт. Адеп-ахлактык тарбиянын концептуалдык негиздерин иштеп чыгууда негизги максат болуп коомдо жогорку руханияттуу, чыгармачыл жана оң баалуулуктар менен сапаттарга ээ болгон жарандарды калыптандыруу эсептелет. Бул максат стратегиялык жана тактикалык милдеттерди чечүү аркылуу ишке ашырылат. Стратегиялык милдеттерге төмөнкүлөр кирет:

- адамзаттын миң жылдык тарыхы боюнча моралдык жана адеп-ахлактык принциптерин өздөштүрүү.
- гуманизмди тарбиялоо, өз үйүнүн, коллективдин, өз өлкөсүнүн жана бүткүл планетанын тынчтыгына умтулуу;
- өз элинин адеп-ахлактык маданиятын этноско сиңирүү, колдонуу;
- коомдун адеп-ахлактык, маданий жана илимий баалуулуктарын сактоо жана өркүндөтүү;
- билимди калк арасында жайылтуу, калктын билимдик жана маданий деңгээлин жогорулатуу, ар бир инсандын гармониялуу руханий өнүгүүсү, боорукердик, чынчылдык, башкаларга кам көрүүнү каалоо, үй-бүлөлүк байланыштарды чыңдоо;
- коомдо жаштардын аң-сезиминде социалдык маанилүү руханий-адептик баалуулуктарды, көз караштарды жана ишенимдерди бекемдөө;
- муундун үзгүлтүксүз тарыхын сактоо, улуттук маданиятты өнүктүрүү;
- адамдын руханий-адептик сапаттарын калыптандыруу;
- мамлекеттин, коллективдин жана элдин алдында жоопкерчилик сезимин калыптандыруу.

Адеп-ахлактык тарбиянын мазмуну инсандын структурасынын негизги компоненттери менен аныкталат: когнитивдик (таанымдык) активдүүлүк (тиешелүү жүрүм-турумду жана ишмердүүлүктү калыптандырууга багытталган); инсандык-чыгармачылык. Бул компоненттердин ар бири, өз кезегинде, мамлекетти, коомду жана адамды адап-ахлактык жактан кайра жаратууга багытталган.

Адеп-ахлактык тарбия өзүнө тиешелүү спецификалык көрүнүштөргө ээ болгон жалпы ички жана тышкы мыйзам ченемдүүлүктөрү менен мүнөздөлөт.

Сырткы мыйзам ченемдүүлүктөргө төмөнкүлөр кирет: адеп-ахлактык тарбия берүүнүн социалдык-экономикалык процесстери, идеология жана саясат боюнча шарттуулугу, адеп-ахлактык тарбиялоо процессинин милдеттеринин, мазмунунун, ыкмаларынын жана формаларынын оригиналдуулугу.

Ички моделдерге төмөнкүлөр кирет: окутуунун, билим берүүнүн жана

өнүктүрүүнүн өз ара байланышы, башкача айтканда, субъектилердин жана объектилердин ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланыштар; инсандын мүмкүнчүлүктөрү (жаш курагы жана индивидуалдуулугу) менен ага болгон таасирдин мүнөзүнүн ортосундагы байланышы ж. б. Мыйзамдуулуктун жалпы табияты адеп-ахлактык тарбиялоо процессине коюлган айрым талаптар, башкача айтканда, аны уюштурууда жана ишке ашырууда карманууга тийиш болгон негизги жоболор же бир принциптер боюнча конкреттелиштирилет.

Адептик-ахлактык тарбиялоонун принциптери болуп төмөнкүлөр саналат:

- бардык түзүмдүк бөлүмдөрдүн макулдашылган, максатка умтулган ишин болжолдоочу системалык уюшкан мамиленин принциби;
- адамдын аң-сезиминде идеалдарга, максаттарга, ишенимдерге, кызыкчылыктарга чагылдырылган баалуулукка багыт алуу принциби;
- руханий-адептик тарбиялоодо ар бир жаш-куракты, социалдык жана кесиптик топту эске алуу менен иштин атайын формаларын жана ыкмаларын колдонууну караган максаттуу мамиленин принциби;
- жаштардын дүйнөгө көз карашын жана алардын баалуулуктарын өзгөртүүдө туруктуулук жана акыл-эстүү демилгени камсыз кылуучу активдүүлүк принциби;
- адеп-ахлактык тарбиялоонун негизги багыттарынын универсалдуулугу принциби аларга комплекстүү мамиле кылууну билдирет;
- өткөн окуялар жөнүндө, ал окуялардын убактысы жана орду жөнүндө маалыматтардын бардык түрлөрүн ар кандай формада сактоо зарылдыгын билдирген элдин тарыхый эс тутумун сактоо принциби;
- аларга катышкан конкреттүү адамдар жөнүндө, өз аймагынын жаратылышы, экономикасы, тарыхы жана мданияты жөнүндө билимди өнүктүрүүнү талап кылган аймак таануу принциби;
- салттарга тарбиялоо принциби;
- улуттар аралык карым-катнаштын каражаты катары улуттун тилин, өз элинин маданиятын сактоо принциби.

Бул принциптердин бардыгы өз ара байланышта жана бирдиктүү интеграцияланган системада билим берүү каражаттарынын бардык комплекси аркылуу ишке ашырылат.

Адеп-ахлактык тарбиялоо жогорку деңгээлдеги татаалдыкка ээ, өзүнүн таасири менен бардык жактарына: социалдык-экономикалык, саясий, руханий, укуктук, педагогикалык тармактарга сиңет.

Адеп-ахлактык тарбия студенттер арасында социалдык маанилүү багыттарды калыптандырууну, жеке жана коомдук кызыкчылыктардын гармониялуу айкалышын камтыйт. Ал пландуу, системалуу, туруктуу жана тарбиялоо ишинде артыкчылыктуу багыттардын бири болууга тийиш. Бул чаралардын эң маанилүү составдык бөлүгү – илимий-теориялык жана илимий-методикалык жактан камсыз кылуу, анын мазмуну – адеп-ахлактык тарбия берүү жагындагы илимий изилдөөлөрдү уюштуруу, адептүү инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү проблемалары боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Жаштарды адеп-ахлактык жактан тарбиялоо проблемасы ар кандай тарыхый доорго мүнөздүү, биздин мезгилде бул маселе эң актуалдуу болуп саналат.

Убакыттын өзгөчөлүгү коомдун өнүгүүсүнүн ар бир этабындагы өзгөрүүлөрү, милдеттери менен мүнөздөлөт. Адеп-ахлактык процесс – табияты боюнча маданий-тарыхый чөйрөдө ишке ашырылуучу үзгүлтүксүз процесс, ошонун негизинде

мамлекеттин башкы милдети – жаштардын аң-сезимине адеп-ахлактык тарбияны калыптандыруу жана өнүктүрүү.

**Адабияттар:**

1. Вульфсон Б. Л Нравственные императивы и задачи воспитания. //Педагогика. -№1. -2006.
2. Хоруженко К. М. Культурология. Энциклопедический словарь. -Ростов-на-Дону: Феникс, 1997. -640 с.
3. Белинский В. Г. Избранные педагогические сочинения. -Москва-Ленинград: Изд. Академии педагогических наук, 1948. -280 с.
4. Менчинская Н. А. Проблемы обучения, воспитания и психологического развития ребенка / Под ред. Е. Д. Божович. -Москва: Институт практической психологии / Воронеж: НПО «МОДЭК», 1998. - 448 с.